АЗЕРБАЙЖАН ЫРЛАРЫ

# АЗЕРБАЙЖАН
# ЫРЛАРЫ



# *Азербайжан ырлары*

*(Ырлар)*

*Которгондор*

Сооронбай Жусуев,
Бактыгул Чотурова

Бишкек 2010

**ФОНД ПОДДЕРЖКИ ПОЛИТИКИ ТЮРОКЯЗЫЧНЫХ ГОСУДАРСТВ, БИШКЕК**

**ТҮРК ТИЛДҮҮ МАМЛЕКЕТТЕРДИН САЯСАТТЫН КОЛДОО ФОНДУ, БИШКЕК**

**TÜRKDİLLİ DÖVLƏTLƏRİN SİYASƏTİNƏ DƏSTƏK FONDU, BİŞKEK**

Эта книга издана по заказу фонда поддержки политики
Тюркоязычных государств.

Бул китеп Түрк тилдүү  мамлекеттердин саясатын
колдоо Фондунун  заказы менен  басылды.

Bu kitab Türkdilli dövlətlərin siyasətinə dəstək fondunun
sifarişi ilə nəşr edilmişdir.

**Башкы консультант:**

Низами Жафаров,

Азербайжан улуттук
илимдер академиясынын
корреспондент-мүчөсү

**Консультанттар:**

Ахмед Гусейинов
Нусрет Мамедов
Хикмет Мамедов
Гафар Алиев
Агиль Ажыев

**Түзүүчү:**
Вагиф Самедоглу

**Редактор:**
Жумадин Кадыров

УДК 821. 51
ББК 84 Аз 7-5

А 35 **Азербайжан ырлары.** ыр/Котор.
С. Жусуев Б. Чотурова. – Б.: «Бийиктик»,
2010. – 104

ISBN 978-9967-13-671-7

А 4702060202-10
ISBN 978-9967-13-671-7

УДК 821. 51
ББК 84 Аз 7-5
© Которгондор С. Жусуев.., 2010
© Б. Чотурова.., 2010.

## ГАСАН ШИРИНОВ

### *Гейдар Алиев – өчпөгөн жылдыз*

*Жалпы Азербайжан элинин улуттук*
*жол башчысы Гейдар Алиевге арналат.*

Периштедей, куттай ыйык болду да,
Ал көрсөттү элге туура жолду да,
Бийик болду анын турган орду да,
Гейдар Алиев – инсан кудай жактырган.

Эрдик кылып из калтырды тарыхта,
Эл жетектеп, даңкы чыкты алыска,
Залкар болчу ал туулган намыска,
Гейдар Алиев – барда өлкө жакшырган.

Ал чыныгы байрагы эле улуттун,
Ал өз элин жаткан зарлап туюп муң,
Алып чыгып түпкүрүнөн туюктун,
Гейдар Алиев – эл көңүлүн шат кылган.

Азаттыкты, адилдикти коргогон,
Арам ойлуу кастын жолун торогон,
Айланада андай көсөм болбогон,
Гейдар Алиев – бардык ишти бап кылган.

Өзүн аяп, эмес такыр сактанган,
Өлкө, элди акыл менен башкарган,

Эл максатын, эл мүдөөсүн аткарган,
Гейдар Алиев –күчүн элге сарп кылган.

Калем – досу, кылыч анын касы эле,
Жок болучу ал чечпеген маселе,
Бул дүйнөдө андай кыраан аз эле,
Гейдар Алиев – өлкө даңкын арттырган.

Гасан айтат өзүн сүйгөн калк менен,
Эң бир бийик энгезердей барк менен.
Эч кебелбес бакыт менен, барк менен,
Гейдар Алиев – асманды да карк кылган.

*Которгон Сооронбай Жусуев*
*Кыргыз эл Жазуучусу.*

Гасан Ширинов

*Посвящается общенациональному*
*лидеру азербайджанцев*
*Гейдару Али Рза оглы Алиеву*

Волшебником и ангелом он стал,
Он верный путь народу указал.
И, сам святой, вступил на пьедестал
Гсйдар Алиев - облик божества.

В истории он след оставил свой.
Деля с народом беды и покой.
Горячий сердцем, сердцем и собой
Гейдар Алиев – сердце торжества.

Он поднял знамя нации своей,
Совесть нации, вместе слился с ней.
Выход из тупика нашел он ей,
Гейдар Алиев – гений удальства.

Права, свободы наши защищал
И недугам затеи все ломал.
В политике он первый в мире стал,
Гейдар Алиев – образ мастерства.

Не жалел себя, не жалел он сил,
Он смысл жизни в себе один носил.
Народ стабильно в завтра устремил
Гейдар Алиев – око большинства.

Перу – служил, мечу был грозный враг,
Он – истина, он – знамя, он – наш флаг.
Он сильно Родину любил вот как,
Гейдар Алиев – вечности огонь.

Гасан пророчит отчие слова:
Любовь народа – это не молва,
Гигантская. По сути, есть волна
Гейдар Алиев – неба высота.

## МИРЗА ФАТАЛИ АХУНДОВ

### *Пушкиндин өлүмүнө*

*Күн чыгыш дастаны*

Көз ирмебей олтуруп түндө таппай айламы,
Жүрөгүмө мен айттым: эй, сырлардын майданы!
Гүлзарыңдын булбулу эмнеликтен таңшыбайт?
Тоту кушуң неликтен чечен сөздөн салбады?
Чабарманы оюндун эмнеликтен чаалыкты?
Ырга барар жолунду эмнеликтен байлады?
Жаз келгенин карачы – жагалдантып жамалын
Кыз түспөлдүү жаңы өскөн кызгалдактар жайнады.
Жаңы ачылып тажысы чоктой болуп кызарып
Бинапшага толтуруп арыктардын жан-жагы.
Чөл келини жасанат, тоолор ага берем деп
Асыл таштан жаралган гүлдөн белек камдады.
Бийик дарак башына таажы кийип гүлдөрдөн
Жыгачтардын шаасындай боюн керет ал дагы.
Соо болсун деп ал дарак башын ийип кызгалдак
Гүл чөйчөктөн шимирген шүүдүрүмгө канбады.
Табияттын кучагы безениптир жасминге,
Кумар наркиз көп тиктеп эстен турат тангans.
“Куш келипсиз!” айтам деп булбул белек белендеп,
Гүл тажысын тиштептир, күүгө толуп тандайы.
Суу бүркөм деп гүлзарга даяр турат булуттар,
Аны желпийт алдейлеп атырдуу жел таңдагы.

Мирза Фатали Ахундов

Куштар назик үн менен таң атканда сайрашат:
Көркөм көктөм, көтөрүл, бизге кулак сал дагы.
Ар бир гүлдүн өзүнчө көркү бар да, баркы бар,
Бул базарга ар бири сулуулугун арнады.
Бири  жайнап сыланып, сөөлөттөнүп суйсалса,
Да биринде назданган назик сүйүү бар дагы.
Анын баары мезгилин өткөрүшүп шаттыкта,
Капалыкты көңүлдөн түбөлүккө айдады.
Эй, жүрөгүм, сен өзүң кубанчынан айрылып,
Ойгоно албай калдыңбы тынч уйкуңдан жайдагы.
Көңүлүм суз турамын, башыма түк ой келбейт,
Жүрөгүмдү күүлөнтүп ырдан шыгы жанбады.
Чөмүлчү элең жүрөгүм ой көлүнүн түбүнө
Асыл бермет өңдөнгөн ырды кармап алганы.
Сулуу кыздай бапестеп ойлорумду жасантып,
Ыр сабына тизчү элең сөз шурусун жайдары.
Эми билбейм неликтен дуушар болдуң кайгыга?
Аза күттүң неликтен, мунга чумдуң кайдагы?
Жооп берди жүрөгүм: жалгыз калдым мен эми,
Мындан ары сен мени өз алдымча кой дагы.
Талаа кызы – гүл өңдүү мен билбепмин согорун
Жаз желинин артынан күздүн бороон-карлары.
Сөз атчаны – ырларга тилден кылыч жасатып
Куралданткан даңк үчүн жоого бүлүк салганы.
Мага маалим антсе да ушул зулум заманда
Орундалбай тилегим, көрбөстүгүм пайданы.
Акмак куштун иши да: торду көзү бир көрүп,
Кайтара учуп барышы жемге алданып андагы.

Мирза Фатали Ахундов

Атак-данктын, эрдиктин шандуу чыккан дүбүртү
Күркүрөгөн күнгө окшойт асман-жердин жарганы.
Башка ой айтпа артыкбаш, заман кантип, кандайча
Улуу адамын жоктошун билем болуп айгагы.
Эй, бейкапар, сен айтчы: уккан белен Пушкинди –
Чебер сөздүү аскердин башчысы да, ардагы.
Ыр жазганда ал Пушкин данкы артып жүз ирет
Дүнгүрөчү жер жүзү анын сөзүн жайганы.
Ал Пушкиндин ак жүздүү кагаздары ыр энсеп,
Каламды энсеп, жазса деп сагынчу эле тамганы.
Кыялында акындын кыймылындай тоостун
Анык эле сөздөрдүн миң кубулуп жайнары.
Ломоносов кетсе да ыр сарайын коздоп,
Ага кирди Пушкиндин кыялынын шамдары.
Сөздүн мүлкүн Державин чогултса да кылдаттап,
Пушкин ээлеп ал мүлктү ирет менен кармады.
Шарап куюп акылдан толтурду эле Карамзин,
Ал чөйчөктү түгөтө Пушкин жутту, калбады.
Николайды билишсе Татар, Кытай арасы,
Пушкинди эми билбеген калды жердин кай жагы.
Ачык акыл жагынан сүйгүнчүгү Түндүктүн,
Күн чыгыштын ал болчу жаркыраган айдайы.
Андан кыйын акылдуу, андан кыйын даанышман
Төрө элек эмгиче жараткандын балдары.
Таң калсаң да сөзүмдү ук: аны тууган табият
Эми кайра уялбай, ага каары кайнады.
Бута кылып аны эми тосуп өлүм огуна,
Кан тамырын кескилеп, канжарларын кандады.

Азербайжан ырлары

Мирза Фатали Ахундов

Азыр буйрук берген соң калың кара булуттун
Жалгыз муздан мөндүрү бак мөмөсүн жайлады.
Кыйын болду бороондун жан чырагын өчүрүп,
Денесине эми анын карангылык салганы.
Гүлзардагы гүлдөгөн анын өмүр дарагын
Чаап зулум балтасы, кести зулум багбаны.
Анын башын ой толгон жылан пейил заманы
Уюк кылып жыланга, жылан жыргап-чардады.
Ыр булбулу сайраган анын гүлдөй жүрөгү
Солуп, толду тикенге, булбул кайдан сайрады.
Денесинен - уядан учту анын жан-кушу,
Жаш-карылар бүт ыйлап, кайгы тартып зарлады.
"Каза болгон желдеттен эй Пушкин!" деп чакырат
кайгы тарткан шолоктоп бүткүл Орус аймагы:
Бой тумардай чыгарман, сыйкырдуудай азгырган
Суук көздөн өзүңдү коргоп кала албады.
Алыстадың аргасыз досторуңдан жердеги,
Асмандагы Алланын эми тийсин жардамы.
Бакчысарай фонтаны сенин эми гүлүңдөн
Чачып турар мүрзөңө сууну көктөм айлары.
Сабухи жазган ыр менен аза күтүп өзүңө
Чачы агарды Кавказдын күчтүү экенден арманы.

## САМЕД ВУРГУН

### *Мен ашыкпайм*

Көктө — жылдыз, жел согот дециз жактан,
Колдо — стакан, таң тосуп жатабыз биз.
«Унуталы бардыгын!» деп айтпастан,
«Жылыналы бир аз» деп айтабыз биз.
Түн узарсын, таң дале жакын эмес,
От боюнда олтурам ойго чөмүп.
Менин сөзүм анчалык акылдуу эмес,
Эстүү досум мени угат эстүү көрүп.
Сүйүү, ырдоо — өзүмө берет демин,
Жерди сүйүп эңсеген ашыктаймын.
Жер өмүрүн узарткым келет менин,
Ашыкпаймын эч кайда,
Ашыкпаймын.

0, сүйүктүүм! Мени али жаш көргүн сен,
Картайды деп айтпагын, күчтөнөлү.
**Көптү көрсөм дегенмин, аз көрдүм мен,**
Тур, айланган жер шарын бүт көрөлү!
Корко көрбө, кемеси ойлорумдун
Мухитке да, деңизге таштаганда,
Арасынан билемин жолдорумдун,
Кайсы жолго өзүңдү баштаганга.
Көктөн жылдыз нур чачып жайнаса да,
Же жылдызды өчүрсөм ташып кайгым,

Шаттык, кайгы аттарын айдаса да,
Ашыкпаймын эч кайда,
Ашыкпаймын.
Мерген досум, жер кезчү мени менен,
Айлананы кыдырып кайталы биз.
Ар бир гүлгө жолугуп эми кенен,
«Эсенби?» деп саламды айталы биз.
Гүлдү жулбай, көңүлдү бөлгүм келет,
Башымды ийип, мунумду бөксөртсөм дейм,
Жакшы жүзүн алардын көргүм келет,
Мен да жакшы жүзүмдү көрсөтсөм дейм.
Гүл ачылса үңкүйгөн мен эмесмин,
Гүл көрбөсөм, тургансыйт ачып кардым.
Кайда шашам? Желпилдек жел эмесмин.
Ашыкпаймын эч кайда,
Ашыкпаймын!

Сур булуттар тарасын өткөн көнүп,
Дарыялар жай аксын. Өмүрүмдө
Бүт дүйнөнү көрөйүн бөлүп-бөлүп,
Ар тамчысы жатталсын көңүлүмдө.
Жүргүн мени картайып калды дебей,
Жашаганга не жетсин калтырып из.
Жүз жыл жашай албасак, кайгы жебей,
Он жыл өмүр сүрөлү бир күндө биз.
Акын шашпай, калеми кашандасын,
Ашыккандан табалбайм эч пайда мен.
Күн узарсын, Жер шары бат айлансын,
Такыр, такыр ашыкпайм
Эч кайда мен.

## *Акын, сен эң эрте картайдың...*

Акын, сен эң эрте картайдың...
Жарыкта жашаган өмүрдө
Сени бүт кайгы-муң эзет го.
Ал ойду чыгарып төгүнгө,
Өзүңдү бактылуу дешет го.
Үшүгөн жандарды ак шамда
Ып-ысык жүрөккө тартсаң да,
Бапестеп жылытып жатсаң да
Өз башың бүт бойдон ак карда!
Акын, сен эң эрте картайдың...
Кечээ сен ыр окуп бүткөндө,
Кашында колуна гүл кармап,
Унчукпай кыз сени күткөндө,
Ал кызды сен узак карадың,
Көргөнсүп керемет өмүрдө,
Көзүнөн бир сырды издедиң,
«Аттиң!» деп айттың сен көңүлдө.
Акын, сен эң эрте картайдың!

Көп жүрдүң кызыгып аң уулап,
Түнөдүң тон кийип чөлдөрдө,
Бийиктен түштүң сен кадуулап.
Мээледиң кийикти көргөндө,
Тийбеди тийсин деп атканда,
Тийбеген ок учту ышкырып
Те чексиз, белгисиз жактарга.

Акын, сен эң эрте картайдың!
Турмушта кармашта катуу элең,
Каска кас, өтө эле ачуу элең,
Дос менен дос элең, таттуу элең.
Калп айтып, чындыкка жарабай,
Достугун ал сунуп парадай,
Көңүлдөн кеги али тарабай,
Жүргөн жан кангандай табасы,
Бул күндө айтканын карачы:
«Акын, сен эң эрте картайдың!»

Азыр кез чачың бүт агарган,
Акыным, эмес го ал арман:
Аял да сен сүйгөн жанындай,
Мекен да сен күйгөн жалындай,

Чачың бүт агарып кетсе да,
Экөө тең сүйгөндөн кайтышпайт,
Экөө тең эч качан айтышпайт:
«Акын, сен эң эрте картайдың!»



## БАКТИЯР ВАГАБЗАДЕ

*Азербайжан акыны, СССР мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты*

### *Тоонун суусу*

Үнүңдү угам тоонун суусу шар аккан
Жулкунуп.
Күнү-түнү алга тынбай бараткан
Умтулуп.
Деңиз карай түшүп тапкан жолуңа
Агасың.
Түн ичинде көптөрдү сен оюма
Саласың.
Капчыгайда пайда кылат абазың
Жаңырык.
Күндүз ошол кайрыгыңдан каласың
Жаңылып.
Асмандаган тоолордон сен келесиң
Куланып.
Такырларды, талааларды бересиң
Сугарып.
Минтип акпай катуу тийип кашатка
Теминип,
Кайткың барбы өзүң чыккан башатка
Чегинип?
Нугуң менен артыңа аккың келеби
Эгизге?

Бактияр Вагабзаде

Артка жол жок, ага бергин сен эми
Денизге.
Окшоп туйлап ошол азоо агымга
Каным да,
Жүргөнсүймүн ак булуттун жанында
Шагылда.
Мезгил тоонун суусуна окшоп калды да
Ыры көп,
Алпаратат биздин муунду алдыга
Сыры көп.
Бир тамчы да өз өмүрүн шарларга
Бүт кошуп,
Ишке жарайт келип суугa жардамга
Күч кошуп.

*Которгон Сооронбай Жусуев*
*Кыргыз эл акыны,*
*Кыргыз республикасынын Баатыры*

Бактияр Вагабзаде

## ***Биз бир кемедебиз***

### *Ырлар*

Улуу сапардын ээси,
Ленин болду.
Бирок, ченебей жолду,
А, кеңейтип бараткан.

Улуу тарыхтын ээси,
Ленин болду.
Бирок, жазбастан, зор бу,
А, аны өзү жараткан.

Бактияр Вагабзаде

## *Жашоо – жалын*

Жалындоону билүү керек, ошол күчтөн таанылa,
Башкаларга жарык бол, бир күн, бир саат өтсө да!
Бүлбүлдөгөн шам дагы жарык берет жанына,
Билигинде май калат өчүрүлгөн кезде да.

* * *

Жанырыктай жооп айт ыр саптарым,
Көкүрөктө көпчүлүк шыбырына.
Кылымдарга окшошуп  пайда бер ыр,
Бирөөнүн жолун карап кыйынына.
Кереги жок жыпар – жыттануулары,
Чоочун жерде сырдуу розалардын.
Сабырдуу бол, убакыттай дем алчу,
Кимдер ишке жабышышып калат чын.
Калп айтпагын, алдабагын эч качан,
Салондогу сулууларга теңелип.
Кыздар-пахта тергичтердей, чарчатпа,
Убактысы келгичекти ченелип.
Анан кымбат убактыңды бил деги,
Бул дүйнөнүн бир тамчысын көрсөтпө,
Бир тамчыдан бирок, көрсөт дүйнөнү.
Жетиден кем эмес болсо нота да,
Кыйын кезде  чылбыр чайнап, кыл жуткун.
Чындык көзгө күбө гана болбостон,
Шайтан алгыр, өзү болгун чындыктын.

Бактияр Вагабзаде

Тукумду буз, пайдасыз, бош жаралган,
Жаратып өзгөчөлүү жолдон өткүн,
Адамдык парасатта сыйла элиң,
Бул ырым-партбилети болсун көптүн.
Ленинге жүрөгүнөн кимдер жеткен,
Мен буга кыялданбайм, уктунбу ырым,
Бирок талап кыламын дайым өктөм.
Ырларым-сенде менин бардык күчүм,
Күчүндөй аталардын балдары үчүн.
Батырдың аягына чейин мени –
Бер мени аягына чейин эми!

## *Жеке жоопкерчилик темасына монолог*

Досум менин, коркпогун жыгылгандан,
Кайталайм дагы сага:
Жыгылгандын сабагынан,
Үйрөнөсүн бутундан турууга да.

Жаралантып аксаткандан,
Үйрөнөсүн басканды.
Сүйүүдөн же иштен болсун,
Каталарын тапканды.

Кечиримсиз көкбеттенүү,
Келишалбас душманын.
"Женил ойлуу болдумбу?" деш,
Ал акылдуу кадамын.

Коркунуч жок утулууда,
Шашылгынын жан дүйнөм.
Женилүүнүн ар бир түрү,
Жениш илими, билем.

Кулоо деген кокустук да,
Керек намыс, тур баскын!
(Ошондо да күнүн тиле,
өз жолунда кулаштын).

Жолунду улап алдыга умтул,
Женип жеңил, оорду.
Көз корксо да кол баатыр де,
Куруу үчүн жашооңду.

Иштегениң-насип буйрар,
Достор не дейт, унуткун:
Оорусуна бирөөлөрдүн,
Жетем дештен ким утсун.

Жылуу-жумшак, кыйналбаган,
Билгин инсан эмесиң.
Жүрөгүңдөн адамдарга,
Айтчы, эмне бересиң?

Өзүң назик сүйүүң менен,
Жактап жарым-жартылай…
Кеттиң китеп дүйнөсүнө,
Жарым дүйнө арты убай.

Келеби бир колуңдан иш –
Чен-өлчөмдүү мазмунда.
Ишенип кой, кайгырууга,
Күчүң жетпейт сенин да.

Үйрөнөлү келгин, анда,
Тажрыйба көп бизде.
Ката оорусун ырдайлы биз,
Айландырып Гимнге.

Бактияр Вагабзаде

Өзүбүзду катуу кармап,
Талап коюп, чыдайлы.
Чөйчөгүбүз өрттөйм десе,
Не демекпиз Кудайды.

Бактияр Вагабзаде

## *Учуу*

“Мен Кусарга келдим да
чекит койдум,
Баштаган ырымдын дал ортосуна.
Эс албай калганданбы, чарчагансыйм,
Дүлөй кылып, жинденген күндөр мына,
Шуудураган барактардан үндөр сына.
Мейли тынчтык болсун да, асман болсун.
Асман менен жолугууга,
Колдорумду сунамын,
Кыялымда булуттарга жыламын.
Көмкөрөмдөн жатамын да,
Чөптүн жытын искеп жыргап турамын.
Бүт иштердин соңунда,
Эс алуунун ырахаты сонун да!
-дедим мен өз оюмда.
Чоңунан же майдасына да чейин,
Не кылганым бүт менин,
Сөзүмдү да аныктады иштерим.
Эс алуудан жыргал алып анан мен,
Жүрөгүмдөн чөп үстүнө куландым.
Жыгылгандай согуштагы талаада,
Келип тыптынч уктагым,
Чындап чөптүн жытын энсеп жыттадым.
Кулачымды жайдым дагы суналдым.
Каалашымча булуттарды карадым,
Бактылуудай сыртымдан…

А, ичимден жолу түшүп санаанын,
Жан дүйнөмдүн кыйналганын,
Аста сезип барамын.
Шаардагы кыйма-чийме миндеген
Иштерге да караганда,
Биринчи эле күнү унчукпай, күлбөгөн,
Жаным менин жымжырттыкта кыйналды.
Анан анча чыдай албай баратты,
“Тыныгууну каалайсыңбы?” –деп айтты,
Шылдың менен таарынычты жашырып.
Анда эмне, калбай такыр басынып,
Кара жиндей булуттарга атылып
Калганчакты күтпө менден жана бил,
Кыйкырганым кулагыңа баарын ил.
Кара муну тимеле! Каалайт тура тынчтыкты?
Сурадыңбы а менден,
Бул жашоодон мага эмне керегин?
Же сураган  жоксуңбу?
Анда уккун,
Айтам сурабасаң да,
Керек эмес жымжырттык,
Керек мага кыймылы көп тынчсыздык,
Сенин керек көз жашың.
Жана билгин келеби же келбейби,
Сен кече эле бийиктик деп,
Санаганың какшашың.
Жетип алып ага сен,
Тепкичтерин кызык санай башташың.

А мага сен сунуш кылдың эмнени?
Кирлер жаткан саздай үстү билинбей,
Өзүнө өзү сыймыктануу пендеби:
Таш ыргытсаң ал сазга,
Тоголокчолор кетет да жок болот.
Кыймылсыздык жеңип кайра... токтолот.
Жок, мага суудай  агылуу бер тынбаган!
Мен каалабайм муздай тоңуп турууну,
Мен каалаймын муздан башым көтөрүп,
Өзүмдү ылдый урууну.
Мен каалаймын кыштан жазга барууну.
Өсүмдүккө жан берип талааларда,
Жашыл бүчүр жарууну...
Анда мага канат бергин!
Учам дүйнө үстүнөн.
Бакыт энсеп бийиктикке жүткүнөм.
Баш калкалоо үчүн эмес,
Баш көтөрчүү бакыт бер.
Саманчынын жолундагы өчпөс нурлуу,
Жылдыздарды терип мен.
Кучагыма сыйбаган,
Терендикти өзүң менен ченейин,
Энсеп жүргөм кыйладан.
Кирип келсин ак жарыктар хор менен,
Чексиз бүтпөс кыймыл агып каттаган,
Так ошонун арасында жол менен
Токтобостон жүрүү менин максатым.
Мага деңиз аздык кылат,

Келбейт ага чак башым.
Мелмилдөөлөр керек мага,
Чексиздикке тартылам.
Мени күн да кысат, кечте,
Түн киргенде артынан.
Ушунчалык кыска жана
Коркунучтуу  арты улам…
Мен чынында ким экеним,
Билгиң келген – баш оорун.
Мен – жашоомун!
Мен – ченеммин!
Мени менен болот ишен,
Убакытка жетүүгө.
Мени менен ченем жашайт,
Түбөлүктүү өсүүгө.
Аалам өзү дагы менмин,
Сенин дагы ичинде.
Ансыз дагы учууда,
Убакыттын жебеси,
Шашылганын көрүп ал!
Колдон келсе бир дагы
Учурбастан кармап кал!"

Мен кайрадан келемин,
Эс алганым бузулду,
"Учуу" саатым шашпай жүрбөйт эгерим.

Бактияр Вагабзаде

## *Наристенин күлкүсү*

Уктап жатып күлдү наристе,
Ал эмнеден экен, ким билет?
Алтын табак айдын нурундай,
Аруу бөбөк жатат үлбүрөп.

Өзү билбейт күлкү себебин,
Жыргалындай тынчтык жанынын.
Кулаган нур болуп бийиктен,
Бардыгына  чачты жарыгын.

Неге, неге ал күлүп жиберди,
Жергеби, же бийик асманга?
Күлүп ийди анан, акылман
үлгүрбөстөн жооп айтканга.

Бактияр Вагабзаде

## *Тоо шаркыратмасы – менин бир тууганым*

Жок, жалгыз гана түстү эмес – сүйүп калдым миң
түр үсөн-асанды,
Сүйүп калдым таң супасын, анан дагы
кыпкызыл күн батарды.
Өлүм тактасына чейин, келет чындап адам
болуп жашагым,
Анан да, араң зорго жөргөлөгөн куртка
окшобой басаарым.

Күн күркүрөп жаздын күнү, кандай сулуу сөз
жетпеген керемет,
Жер жашоонун сүйүнүчү, мактагандан
артыгыраак бир сүрөт.
Көз жаштары мактагандан жогору, бирок муну
ким билет?.
Биздин тагдыр талаабыз да түгөнбөгөн миң күрөш.

Карөзгөйдү жалпайта чаап, мактоолордон
кайрат бийик турар да,
А деңиздин бермети да өсмөк беле туруп
калган сууларда.
Бир кездерде жолуккамын, кусалуу айтам
өкүнүчтүн бир азын,
Жеңил жолдун  эрлерине – бийик дөбө жасагыла,

Жымжырт дүйнө терметип, шамал жеңил сыласын.
“ Ах, башың бүтүн болсо эгер, калгандары
чөп-чарлар!
Мандай бүтүн, менден кийин мага десе сел алсын!”

Ыйладымбы бактыдан, же бир ырдадымбы
бактыдан-
Кыйналууну көрбөгөндөр теренден, боору
ооруйбу бирөөгө?
Жок, жакшылык кайрылбады, Кудай катуу
таарынтты:
Кыйналганды билбесе ким, андайларга
келбейт бакыт сүрөөгө.
Бир нерсеси менен жакшы таза жан,
Кубаныч же көңүлсүздүк-кымбаттыкта экөөнө
тең караган.
Тынчсыздануусуз жүрөктөр бош, кыйылган
бир чөп-чардай.
Түбөлүк издегендер жыргалды, кабагы кир,
дайым кападай.

Төрөлгөндөн жек көрчүмүн кошаматчы,
малайларды, кууларды,
Елена дарыясынын агындысындай алдоо
сөздүн бардыгы.
Тоо деп атайт кыйындыкты эмнеге?
Эмне андай баа берилет?

А, тоолор деген, кечки караңгыда да карааны
нак көрүнөт.
Мен шылдың сөз угуп жатам: "Кереги жок
жакшы болуу баарынан!"
Жаман дагы эмеспиз, күнөөбүздүн көп эмеси
жагынан...
Калп айтпайбыз башкалардан көбүрөөк, канткен
менен өлбөйбүз.
Эптеп-септеп кандай болгон күндө да, жашообузду
жөндөйбүз!"

Акылсыздык!.. Жашоо керек-жашайбыз!
Эптеп эмес, а адамча!
Адам болуу керек, адам, тактасына өлүмүнүн
барганча.
Төрөлгөндөн жаман көрөм, "ооба" же "жок"
дебес бирөөнү,
Кулпу оозунда андайдын, караңгы же жарык
эмес жүрөгү.
Ага сонун болсо керек, башкалардын эсебинен
жашаган,
Өздөрүнүн урмат менен уятын уурдап, аштай
ашаган!
Өтөт "ортонку" жолдон, тийбес жерде бороон-
шамал эпкини,
Күнгө күйбөс же суу кылбас катуу жамгыр өткүнү.

Ооба, алсыз сууга аккандай, башкаларга көрүнүшөт
байкуштай,

Алар дайым ысык да эмес, суук да эмес.
Анан, “А” дан “Я” га чейин өзгөлөрдүн жолун
тынчсыз тартып жай,
Өздөрүнөн өзү коркуп, башкаларды
чочутушуп айтышпай.
Каздардан да тартынышып ал тургай,
Алар дайым коркунучта укташат...
Шамал жүрсө кичине эле чөптү ыргай,
Флюгердей бийге түшөт тынч турбай,
Мурдун тосуп шамалга,
Шимшилейт да абалды...
Канча жолу алып кетти, үнсүздүк хор аларды,
Келжиректикти, ушакты, кокустукту, тарс
айтылган арамды?

Башкалардын үндөрүн да кармап калчы ушул хор –
Анда баары өлүк болчу, дем алганын алып
кетти кылып кор!
Анан дагы “орточолор” кетти өзүнүн жолу
менен өлүмгө,
Өлүк жашоо менен алар, ыгын таап алыштыбы
жеринде.
Бирок, укпайт дос, душман да, анын өлүк кадамын,
Эптеп-септеп жашагандай, эптеп-септеп өлөт
андай адамын.

Аттарын да чуркатышкан эмес алар, таштак жолдуу
күндөрдө,

Бактияр Вагабзаде

Мурун эле сезими өлүк, андан өткөн жолу да өлүк
билгенге.
Эркектик жигери өлүк алардын, анда эрдикти алат
алар каяктан?
Эрдик деген сезими өлүп калса да, эптеп жашайт
аяп жан.
Ансыз да анан эптеп жүрүп өлүшөт, болбогондой
эч нерсе!
Бардыгына белгилүү го капкачан, өлүк уйку, өлүк
түшкө
Сыйынгандай кыйналбай, алар барат өлүк жолго
кез келсе.
Аларга эч ким кайгырбайт, болсо дагы тирүү
өлүктүн кадамы,
Анык болот эч ким кирбес үйлөрү бар – табытка
окшош а дагы.
Жолдору да мүрзөгө окшош негедир, эскергенге
эч ким жок,
Жүз миң жолу өлсө да ким, ага чыны чыкпайт
көздөн жаш бирок.
Ага кургак гана эскерүүлөр, тирүүлөй өлүк
жанга окшоп.

О бир тууганым, бир заматта өтүп кетсин жүрөктөн
Жүз миң кумар, тынчсыздык, капалык же шыңгыр
үндүү сүйүнүч,
Күлөсүңбү, каалашынча күлүп ал,
ыйлайсыңбы-ыйлагын!

Бактияр Вагабзаде

Уурдатпагын бакытынды, таарынчынды, кайгыны
да сыйлагын.
Ыйлап ал, менин дүйнөм, күлүп ал, кайгынды
ичке жеп алып,
Тирүүлөрдүн жыргалы менен, кууралы менен
дем алып.
Жашагым келет кылымым менен өзүмдүн, эптеп
эмес,
Арандан эмес, курттай өлүк кадамдап жөргөлөп
эмес,
Кереги жок мемиреген өлүктүктү, дарыяны да
турган өлүк,
Жакшы көрөм катуу бороон, толкундарды жиреп
келип,турист болуу
Туздуу катуу шамалды жакшы көрөм, денизди
жүрөк көрүп.

Жакшы көрөм тоолордун чокуларын, эркектерге
жигиттиктей!
Кайсы жерде жоголушса коркоктор, күч аламын
үмүт үзбөй.
Шамалдарга кесилишкен жолдорумда, душмандар –
дан корпоймун.
Досторума ишенем, уят жана арам барын билемин.
Түбөлүккө туристтиктен -өлүк жандай тирүүлүктү
жоктоймун.
Өлүк арыктарда сүзүү туш келсе, өлүк ырды
ырдаганга окшоймун.

Бактияр Вагабзаде

Тоо шаркыратмасы бир тууганым,
асман жылдыздары карындаштарым,
Анан да дарыянын шапатасы, бурчта тоо да
ыраазы.
Мен да сендей аккым келет шаркырап, шаркыратма
бир тууганым.
Болуу чындап дарыядай, шамалдай-менин аруу
максатым!
Жерде болсом  тоодой болгум келет мен, а
асмада жылдыздай.
А жүрөктө – ыйык кыял, а ырларда аккым келет
суулардай.

Жок, жалгыз түстүү боёк эмес, сүйөм миндей
асан-үсөн түшкөнүн,
Сүйүп калдым күн батарды, танкы сүрөт,
тилкелердин бүт жерин.
Адамча келет менин жашагым, өлүмдүн нак
тактайына жаткыча,
Араң зорго же бир эптеп-септеп эмес, курттай
сойлоп баскыча…
Жашагым келет адамча!
Чын эркекче, рыцарча!

Бактияр Вагабзаде

## *Карусель*

Каруселде кыйкырыктар шаңдуудай,
Түштөгүдөй айланып келет жүрүп.
Балдар, кыздар учушат кытылдашып,
Кимиси атка, кимиси төөгө минип.

Бактылуу жаркыраган жүздөр менен,
Тамаша да балдарга байлангандай.
Же балким жер өзүнүн огу менен,
Өзүнөн өзү гана айлангандай.

Айлануу учуу керемет кандай,
Балдарга бул мүнөттөр бакыт баары.
Бүт дүйнө айлангандай алар үчүн,
Аларга бакыт ата, эне бары.

Бирок баары бат өтөт, куштай учуп,
Жылдар каруселге окшоп зымырашат.
Камкордуктар ортосун кокустуктар,
Айланышып өзүнчө тооруп басат.

Дөңгөлөктүн күчөйт да өжөрдүгү,
Алып учуп алдыга, алга шашат.
Четте туруп караган ата-энелер,
Көбү келер кезекти күтүп жатат.

Алысыраак тургула эми силер,
Тигинде учуп жыргап жаткандардан.

Жана сен да четке жыл чунак бала,
Ал колунду, жакшы эмес оозго салган.

Бирок ал чыйрак бала коркпой турат,
Кыйкырып бардыгындай берилгенден.
Көбүрөөк жыргаган да ошол өндүү,
Алгансып баарынан тез боюн жерден.

Мейли эми, каруселге чыга албасын,
Сүйүнгөнү артыктыр бир тараптан.
Көздөрүнөн сүйүнүч агып нурдай,
Азгырылып башкага аздан, аздан.

Кубанычты бөлүшүп баары менен,
Бактысыздык жок анда, бирок кыйын.
Каруселге түшө албайт, себеби анын,
Чөнтөгүндө акча жок бир да тыйын.

Ойлондум мен, биринчи жолу эмес бул,
Татыктуу бул дүйнөдө жашаганы.
Ким бирөөгө кубаныч алып келсе,
Сүйүнүшөт башкалар атап аны.

Бактияр Вагабзаде

## *Күйүк жарасы*

Күйүк изи менин колумда,
Өткөн күндөн кетпес калды так.
Ысык мангал күйүп турганда,
Сөз тыңшаганымды жазалап.

“Күйөсүң!”
Бирок, оттун жарыгы мендей –
Кудайалбагырды азгырып.
Күйүп-балачактын сыноосу,
Сыздаткан баа берди аз туруп.

Бир жашымдан мени от тартчу,
Эмне күйсө көрүүгө баарын.
Араң зорго келсем дүйнөгө,
Күйгүзүп бүт суктангандарым.

Биз сыйынып, азгырылчубуз,
Анан, кумирлерден күйчүбүз.
Мен билбеген эрдик узатчу,
Коркунучту билбей жүрчүбүз.

Күйгөн соң мен айттым: келди убак,
От менен да оюн жок калды.
Коркунучтар анан баш жарчу:
Кара, күйүп калба…
Анан жашоо дагы башталчу.

Бактияр Вагабзаде

## *Уйкаштык*

Кээде ырлар арасында үндөштүк жок,
Бирок да уйкаштыгы жакшы түшөт.
Же ырлар дирилдек кыл үнү эмес,
Анда биз айтуу керек бүт дүйнөгө,
Түптөлүп ысык жаштан гана бүтөт.
Уйкаштык өнү анан жыпар жыты,
Анан да куштар үнү бак жаңырткан.
А кээде жамгыр сепкен топ булуттар,
Тургандай көрүнүшөт уйкаштыктан.
Башталышы сүйүүнүн, кайгылардын,
Турмушка чырмалышы асыл жандын.
"Тынчтыкка" катар "согуш" деген сөз бар,
Уйкаштай көрүнгөнү коркунучтуу.
"Ойрондоо" дегенге уйкаш "сайрандоо" бар,
Өмүр-өлүм жолу да байкап, уксаң,
Бузулбас уйкаштыктай айкалышкан.

Бактияр Вагабзаде

## *Жаңы жылдагы ойлонуу*

Кийинкиге түртүп кайгы, түйшүктү,
О силердей шайыр жоктур майрамда.
Жалгыз эмес, достор менен шарактап.
Вино толо колго бокал алганда.

Санап болбойт эңсөөлөрдү, күлкүнү,
Ишти унутуп, достук куруп тамаша.
Бирок андан бир өзгөчө майрам бар,
Күлкү менен кайгы турган жанаша.

Кыш түнүндө келет анын кезеги,
Кыш түнүндө картаябыз бир жашка.
Кыш түнүндө эски жылды узатып,
Жаңы жылдын таңында уктап калбашка...

Көз албастан терезени карайбыз,
Сыртта эмне? Кечээкидей жаайт кар.
Бирок кардын азайгандай күмүшү,
Үшкүрсөк да жаңылыкты күтүү бар.

Өзгөрүүлөр болсо дейбиз бактылуу,
Эшик суук, тайгалакка чыңалган.
Бул жаңы жыл ак жолтойлуу болсо экен,
Жакшылыктар жыйынтыгын чыгарган.

Бактияр Вагабзаде

Көкүрөктө белгисиз бир сезимден
Кысылгандай жүрөк демин чыгарбайт.
Эмне болот, эмне күтөт алдыда,
Кайгы, бакыт суроолору миң арбайт...

Биз узаткан эски жылдын түнүндө,
Убакыт тез аккан сымал көрүнөт.
Караңгыга бизден качкан бүт нерсе,
Жүрөк күйгөн жемелерге өрүлөт.

Кайра баштан жашатчудай сезилет,
Ачык дүйнө, көзүңдү ала качпагын.
Ушул түндө кайгыруу бар бирок да,
Бир жыл жакын өлүм жакка аттадың.

Жыл да бүттү, келгиле эми бул түнү,
Не бүтүрдүк, баа берели оболу.
Бизге моюн бербесе эгер убакыт,
Кур дегенде курулай жаш бололу.

Эмгек берген даңктын жана сыймыктын
Ээлерине жарашпайт эч капалык.
Кыштын түнү, жылды узатып айтаарым:
Балким алар калды бир жыл жашарып.

## *Күн батканда*

Келжирөө – кылым бою келжирөө,
Сөз булгаган – эң күнөө.
Жымжырттыкта туруу да
Балким баатырдык чыгар.
Өзүмчө билгим келет,
Белгисиздик – өкүнүч кылар.

Бүт дүйнөнү эстеп турган,
Түнттөй менин жан дүйнөм.
Жарык менен куюлуп ал,
Жүрөктө оюм дүрт күйгөн.

Мен каалаймын,
айланганды чыракка.
Түндө кандай жарык ал,
Ойлоруума жарк-журк этип турат а!
А күндүзү тоскоол болот күн бизге,
Ойлор көөмп чункуруна урат а!

Качан биз жыпар-жыттуу,
Жаш гүлдөрдү жыттасак.
Качан бизди эркелетсе назиктик,
Көрүнбөгөн ырлар кылын сезип биз,
Анда бирдей көз карашка кезиктик.

Ай жарыкта жыргайбыз,
Күн нурунан сүйкүмдүү.

Көздөр
аны калкалап, көңүл куунап ырдайбыз.
Анан да күн менен асман,
Бизди таштап кайгыга,
Ийилтеби, уктабагын эч качан.
Түш көрүүгө түртөт уйку,
Ойлор желге айдатып,
Түн эргүүгө жакын толкуткан!

Бактияр Вагабзаде

## *Шеки*

*Эмнеге сен өзүндүн Шекине*
*бир дагы ыр арнаган жоксун?*
*( жазылган каттан)*

Канча кыйын ыр жаздым, бирок сага,
Бирөөнү арнабапмын менин Шеким!
Ошон үчүн болгондой наараздылык,
Бирок чеги бар бекен, айтчы четин?

Сүйүүнүн балдары үчүн? Сунуш кылгын,
Атын ата, тил жетпейт мындай сөзгө.
Сүйүүсүн айталабы бала энеге,
Мен айтпайм, Шеким менин, андай кезде.

Баласы эне алдында дайым карыз,
Антымды атың менен бербей калдым.
Эң жакшысы бирок да, эстеп көрсөм,
Ырларымдын ичине обон салдың.

Жыпар жыттар куюлган саптарымда?
Шыбырадың. Сенби дейм кызыл ыраң,
Угулбайбы булактын шылдыр сөзү,
Сеникиби чынарлар шуудураган.

Мен-бакинчи, ширванчи, гянджинчи,
Ленкорандан жакыным жок, ант беремин!

Карабахка тартылам жаным менен,
Бирок, баарынан мурда – мен шекинчимин!

Менин Шеким, жылытчусуң кучагында,
Аралап сыйлыгышып таңкы туман.
Алдымда чыбырчык нур жарылуудан,
Күн менен куюлгандай Азербайжан.
Шекиде туулган, уулу  улуу өлкөнүн,
Мындай тагдыр ээси мен – бактылуу жан.

Бактияр Вагабзаде

## *Окула турган каттар*

Окула турган каттар, ачык маанай,
Силерге жылуулуктар синип калган.
Жүрөктөрдөн жылытып салам менен,
Бул нак чындык силерге, эмес жалган.

Окула турган каттар, ишенчтерим,
Жанымда кабатыр же жамандыкта.
Үнүлө тиктеп сынап турганыңар,
Көрүнөт чындык менен жакын нукта.

Окула турган каттар! Көңүл алып,
Өзүңөр сооротқондой болуп бирге.
Качан мен ырларыма шектүү карап,
Жана да этият болчу, жарык күндө.

Качан мага оптимизм жетпегенде,
Качан мен кайгырганда болом даяр.
Көрсө силер, о окула турган каттар,
Мен жазган ырлар менен жаңырыктар.

Окурманым, мен сага кууланбаймын!
Эмне билем, же билбейсиң сен эмине.
Жок, каалайм оттон жарып чыгууну мен.
Нуру болуп жылдыздын, түн келем же.

Учур эмес жылдыздай жол көрсөткөн,
Макул күлсүн түнкүсүн ыр саптарым.

Болуптур, ал чындыктай, boштондуктай,
Сага чачат алыстан жарыктарын.

Уктатпайт жан дүйнөмдүн оту бийик,
Улуу Насими сымал атка конуу.
Балким бизге от болуу кымбат чыгар,
Жеңил эмес дүйнөдө адам болуу.

Оту жок жашоо болбойт, жарык болбойт,
Жарыктын булак орду биздин жүрөк.
Андыктан акындарын окуйт эли,
Ырында тирүү жалын оттор күйөт.

Сапты оку-оту менен ысытылган,
Анда бар биздин оору, күлкү, тагдыр.
Эл болбойт акыны жок, мүмкүн эмес,
Андай эл – бир топ, көкүрөгү калбыр.

Качан мага оптимизм жетпегенде,
Качан мен кайгырганда болом даяр.
Окурман жазган каттар берет жардам,
Ага ырым көлөкөлөп келер аяр.

Рахмат сага миң ирет жакшы адамым,
Пикириң, саламың, чын колдоолоруң.
Менин ырым – жазган катым окурманым,
Менин ырым – жазган катым, сага жообум.

Бактияр Вагабзаде

## *Менин студенттерим*

Досторум менин, чуркагыла, учкула,
Түпсүз ойлор чокусунан бийиктеп.
Бүгүн болсо сыймыктанып өзүмө,
Силерге эртең алыстыгым тыкыс деп

Силер бүгүн окуучусуңар.
А эртең
Көтөрүлөт  араңарда көлөкөм.
Силер барбай калган күндү куттуктап,
Космонавтка Икар жолу кең экен.

Жок, эмессиңер мага чоочун эч качан,
Биз бир тилде эртеңге кыялданып,
Мага таза сезимиңер берилчү,
Биз качан бир басканда кол кармашып.

Өзгөртөөрүн сызыгын деңиз кандай
Карап жатам, бир булунга суу кетти да,
Келди башка булунга суу.
Окуучулар!
Мен силердикмин дайыма.

Өтүп жатат жаштык аудиторияда.
Келип жаткан деңиздей,
Кетип жаткан деңиздей.
Мен отуз жыл
Окуп, окуп, окуп.

Азербайжан ырлары

Беш жылдык айлампа менен билим токуп,
Учуп жүрөм, учуп жүрөм, учуп жүрөм,
Силер менен бирге кучагым.
Кайрылып келем бул жакка.
                    Башкалар менен учамын.
Бош бөлмөлөр, уялар үн-сөзү жок,
Күздө дагы башканы күтүп кусамын.
Чачылдынар жылдыздардай, түн ичинде
уйку бербей жана да үмүтүмдө.
А эгерде, уланбай калса ойлорум,
Силерге токтойт –
              үзүлөт, туюк бир жерде,
Алыстыктар кулпуланат!
              Катып калат ирмемде!
Достор, ийилүүнү
              күтпөйм силерден,
жана да кыймылы жок,
              оттун күнү өлгөн.
Айбат, согуу жок...
          Бир гана сыйлашууну суранамын,
Сенин назик дүйнөң катып, сенексиң.
Сен өзүнө келбей дагы турасың,
          Мен да өзүмдө эмесмин.
Силкип салгын туруп калган нерсени!
          Ойгон дагы менин ырым ырдагын-
Бирок чертип башкалардын
          Сезиминин кылдарын.
Бүттү, мен эмнени жоготсом, –

Сенден табам анын көбүн!
Бүттү, колумдан эмне келбесе,
Тагдырыңдан издеймин сенин!
Кайсы жакта болбоюн –
Сен болосуң ал жерде!
Шакирттерим!
Үмүтүмдүн көпүрөсү силерде.
Сибир жана Пушкин, Вургун
кайда болсо, улап келип ошондон,
Күн жарыгы жатты агып.
Биздин сабактарыбыз түбөлүктүү башталыш.
Туруп калуу деген жок!
Жана эч кимде болбош керек,
Болбош керек – үлгүдө акыркы сөз.
Бардык жерде жана Мекенде гана,
кызмат өтөш!

Бактияр Вагабзаде

## *Эки жолоочу*

Дайыма, бардык нерсенин,
Эртеңине жалт карап.
Оор эмгек жашоону бат башкарат.
Ким мага так айталат,
Каякка учат,
Жылдар кайда кетет, кайда аттанат?

Кайда ызгаар суук жана ысык күн,
Өтөт күндөр кубалашып.
Бириккен насиби жок адамдардын,
Бири жөө жолду басып,
Өзү эсеген максатка турат шашып.
Да бирөө жогор жактын изи менен,
Иш бүтүрөт кара басып.

Мен дагы жөө-жалаңдап,
Бул жолдорду басып өттүм.
Күчүнө буттарымдын үмүт эттим.
Мандайымда машинанын айнеги эмес,
Кара сууктун шамалын –
Денем менен жарып өттүм!

Машиналар, поезддер,
Учту, калбастан токтоп.
Кол булгалап ким бирөө терезеден,
Кар көздөрүн уялткан жок.

Аларды жамгыр урган жок.
А, жамгыр менен кар мени,
Баардыгы үчүн урду, аяп турган жок.

Билинбестен зымырады,
Пассажирлер олтурган.
Өнгүл-дөнгүл жер менен да өтүштү,
Түрүлгөнсүп ыңгайлуудай жол турган.
Каршы-терши ал жолдор,
Мандайдагы бырыштарга кол сунган.

Дөңгөлөктөр ишенимдүү шашылат,
Пассажир,
Бутун канга ал урган эмес,
Чанды дагы жуткан эмес.
Жашоо деген жөө жүргөнгө ачылат.
Жөө эместер калат аны түшүнбөй,
Бирдей бара жатып ах!-
Жылдар жана жумалар...
Кызык, досум ушундай,
Тагдырлар айланышат тегеренип.
Эң акыры жолугушат максатка,
Пассажири, жөө басканы деле келип.

Дөңгөлөктүн жолу бүтсө кимге эгер,
Аттын алп бир күчүндөй.
Жолун тандап алат ким,
Айланган же эңкейишти,
Бийиктикке татыктуу эмес бүтүндөй.

Алып келип бакытын чоң максаттын,
Чыгып келишиң бирок,
Көпкө турбайт, ал өзү бир кокустук.
Сен эңсеткен максатка – квартирантсың,
А жөө жолоочу –
Чарчаса да кожоюн ал, чын.

Бактияр Вагабзаде

## *Баатырлардын мүрзөсү*

Бул дүйнөгө келебиз...
Анын иши катуу жана каардуу.
Кетебиз караңгыга...
Бирок бул жер жандуу!
Курмандыкка даяр болбосок жөнөп,
Эгерде биз өлбөсөк Мекен үчүн,
Мекен өлөт.

Мекениңе болгон сүйүүң
Сөзүңдө эмес,
А канында – туруп калган балээ бар да.
Мөөнөтсүз бердик жерге сөөгүбүздү,
Жашасын деп Мекенибиз кылымдарга!

Анын чакырыгынан,
Бардык өткөн кылым муунунун,
Жообун угам адам уулунун.
Мекен – жер турат
Колумда –
Кыйрагандар –
Эр жүрөк Бабек!
Сактайт жер
Ыйык кайгыны.
Урпактар эскерет муну.
Баатырлардын мүрзөсү –
тарыхтын күбөлөрүндөй.

Улуу Ата Мекендин
Мөөрүндөй.

Курман болгондордун мүрзөсү,
Мүмкүн эмес санаганга аларды.
Кол кармашып жерде калды кылымдап.
Бангилик... Наадандык...
Күрөштөр... Жеңиштер...
Элимдин намысы, ары – ырым нак.

Курман болгондордун мүрзөсү...
бербейт аларды,
Мага же сага айландырып жолдордон.
Артка, астыга –
Карабагын кайсы гана тарапты, –
Мекениндин көз карашы
Коюп турат сага катуу талапты.

Курман болгондордун мүрзөсү –
ойлор, чүнчүү...
Жол боюнда топурак,
Баш ийбес сот.
Ал мүрзөлөр жатат ыйык ыр ырдап.
Ооба!
Алардын батасы жеңил бир ыргак.

Алар сага айта алышмак,
Кантип жашап көрүштү,

Кантип анан өлүштү.
А өлүш деген,
Коркунучтуу баары бир,
баатырга да эң күчтүү.
А, баатырлар өлүмү
бекерге эмес, чоң жүктүү.

"Ата Мекен сүйөм сени", –
Ар ким муну кайталайт.
Сүйлөгөндөн тил да көпкө чарчабайт.
Бирок Мекен өлүп жатса,
Чындап кимдер байкабайт.
Андай боло көрбөсүн,
Ким ал үчүн өлүп жатат,
ошону айт!

* * *

Асманда жердеги жашыл чөп, жок шибер,
Мелтирейт көгөргөн көк гана тургансып.
Анда жок шаркыратма, чоку же айыл жер,
Андыктан ал жакта  жашабайт ылдамдык.

Булуттар тарашты, эч изи калбады,
Боштукту карасаң, чын эле мынакей.
Көрүндү жер анан, сезимди арбады,
Самолёт мынчалык тез учуп барат эй!

Ойлорум көп жолу бөлүнүп түштү бүк,
Булуттуу мунарык чексизби, эмне экен?
Баары бир салмак да, ылдамдык, күчтүүлүк,
Жерде экен, жерде экен, жерде экен?

# *Карабахтык ат*

*1956-жылы Англиянын ханышасына карабахтык*
*"Заман"Деген атты белекке тартуулашкан.*

Джидыр-дюзу
Ат чабыштын майданы.
Көтөрүлөт кайдагы,
Же кулайт го эр жигит...
Джидыр-дюзу,
Сен жасагансың бекемдеп,
Чартылдаган сыяктуу,
Чагылгандан туякты.

Карабахтык ат!
Үнүңдү угар менен кишенеген,
Каректер дароо жалт деп чоңоюшат,
Жаңырып күрөштөрдүн дабыштары,
Жаркылдап кылыч, найза бүт шыңгырап,
Жүз эсе күчтүү угулат.

Карабахтын тору аттары –
Моюндары-жалдары анын,
Таянычы
Көр-уулунун
жана Баяндуранын!
Алар ооздуктарын тиштегенде,
Кармабай тур, кууба, шашпа карап жай, –

Асыл тукум аттар алар табылгыс,
Кишинесе көтөрүшөт канаттай!

Жылдар өттү,
Гырат, Дюрат 3  өтүштү.
Замандын да келди убагы гүлдөгөн.
Өткөн учур жаралгандай тумандан,
Учуп келди жерге жаңы күн менен.

Күүлдөгөн кылымда кереги не автонун,
Жасаштыбы Заманга туура эместик кенедей.
Мүмкүн эмес  кайтуу өткөн нерсеге,
Ракетаң да болалбайт эч жебедей!
Эми аттары эмне: Гырат, Дюрат?
Экзотика, унутулган экспонат.

Хан менен ханыша да эмне азыр,
Ооз учунан айтса да, улуулугун бийик тута.
Биз элеби, убакыттын айрымасы жок деген,
Алар эми биз үчүн  бир экзотика.

А Англиянын ханышасычы? – Ал
бош даража ээси деп гана билгинин.
Жакшы сөзгө ороп турат сыртынан,
Мыйыгындан күлчү өткөн бийлигин.
Булуттарда учуп жүрөт дагы эле ал,
Кара жанын эстөөлөрдөн сооротуп.
Жашап жүрөт өзүнчө өткөн мезгилде,
Биздин кылым сый коногу болгонсуп.

Бактияр Вагабзаде

Машиналар жакпайт анын көзүнө,
Самолёттор шуулдаган шамалдай –
Кутургандай ылдамдыктар баары бир,
Азыркыдан өткөнкүнү табалбай.

Кыялында кыймылы жок аттарда,
Каретада кызыгында сергүүнүн.
Бөлөгөн жок ал кечээги өлүктү,
Азгыргансыйт наристесин бул күндүн.
Ошон үчүн эңсегенин жашырбай,
Жолун ойлойт кылым ашып келүүнүн.

Ат баккычтар көңүлүнө төп келбей,
Анан туруп укмуштай көз карашы –
Көз ирмемде бет алдында коркпогон,
Карабахтын жагып калды тору аты!

Ага ээрди токуганга, жумшады,
Бирок Заман башын чулгуп жиндеди.
Окуранып, от үстүндөй кишенеп,
Өзүн алып качты, сүйбөй мингенди.

Падышалык араң кармап ачуусун,
Елизавета аны карап жатты анан.
Моюндай албай, айла кетти малайлар.
Бакытсыздык келсе артынан, ах-жаман!

А ханыша болобу, же болбойбу! –
Падышалык бетке түштү бырыштар.

– Британияда эркек жокпу чын эле,
Бул тентекти момун кылар, уктурар.

Жабышышты көздөр кайра жинденген,
Элик мүчө Заман сындуу ат барбы.
Жер онтоду урулганда туягы,
Кишинесе силкиндирди асманды.

Заман дагы түшүнчү эле кишидей,
Тигилерди азгырганын келбети.
Рекордчу – малайларга чуркоо эмес,
Иши зарыл өлүп кетсин өңгөсү.

Ал эч кимди көрбөгөнсүп чын эле,
Күндүн чыгып келатканын карады.
Аттын ушул умтулуучу жоругу,
Илгерки бир кадыры эле а дагы.

Каалап, сезчү тууган жерди бир демин,
Туягынан өөп, чуркатып өстүргөн.
Ага кубат берип дайым согушта,
Зуулдаткан жигит минип көп жүргөн.

Жок, ээринде малай олтурбаш керек,
Кандай гана данктуу атчан болбосун, –
Атты угат ал Көр уулундай согушчан,
Чуркаганын угат Гырат добушун.

Жок, келбесин Ханышага белекке,
Ага жетпейт Заман, уят болгонго.
Ал көргүсү келет баатыр Хаджарды,
Жүрөктүүлүк баштап майдан жолдорго.

Ага чыны Мекениндей көрүнчү,
Айлар менен жылдар жылып келишчү.
Ызгаар кышта мейиз берип багышып,
Жазда жаңы ширелүү чөп беришчү.

Таң супада тараганча боз туман,
Алпарышчу чөптүү талаа, шар суугa.
Бирок Заман жебей, ичпей эч нерсе,
Алтын жүгөн арзыбастай айтууга...

Ачуу ага чоочун жердин наны да,
Британияда кадам сайын алы жок.
Жашай албай Шахбуладан алыста
Жана мөлтүр Даш-алтыдан алыста.

Эркиндик жок... өлдү анан ал жакында,
Унутууга болбойт аны эч, элим,
Далилдеди ал –берилүүнү Мекенге,
Түбөлүктүү Мекен бирөө экенин!

Бактияр Вагабзаде

## *Тоо суусу*

Угуп жатам алыстан шарынды сенин
Тоонун суусу.
Түбөлүк умтулуунда жалгыз эмессиң
Агымың дуу-дуу.
Сен деңизге карай жер менен
Жолунду салдың.
Ушул түн ортосунда эмне сен
Ойготтуң кайгым.
Күр-шар үнүнөн капчыгайга айдаган,
Тоолор жаңырат.
А күндүзү үнүң өчкөнсүйт кайрадан
Жүз үндөн тарылат.
Асмандан дүйнөнүн талаалары үчүн,
Келгендей алдырып.
Талаалар, жан-жаныбар жана элдин бүтүн
Суусунун кандырып.
Балким сен каалайсың келүүнү кайрылып
Муздарды жарасың.
Качан сен шаркырап аласың жай кылып
Булуттар арасын?
Эң катуу кайсы жер,
Тоолордун чокусу?
Артка жол жок, ушу!
Деңизге шаш!
Айланып жүрөт каным,
Урунуп чыкыйым-баш.

Жүрөгүм, булуттардан төмөн сызып,
Кызык бир кусалыкта:
Таштан-ташка урунам суудай бышып,
Жокчулукка.
Убакыт алып жатат муундарды,
Мезгилим менин...
Эмне экен, кенедей тамчы дагы,
абдан кыска убакытта, толум
жасап коёт көп иш сонун!
                    Ушундай эмеспи,
Суусу тоонун?

## *Жоop*

*Ишенимди каалайм ишенич үчүн,*
*Ишенимден жашоону аябаш үчүн.*
*Бехтжет Камал Чаглар*

Эмне? Сен бирдеме издединби кызматка,
Кулагыма кеткен жокпу угулуп? Жок!
Ыр жазууга чебер болсок бир башка –
Сени атап акын атка ким коймок.
Сөз муундары, уйкаштыкка жетишип,
Бардык ишиң орду-ордуна турар чын.
Бейтынчтыкта чуркап калдың кокустан:
Кайсы жакка жумшаар элең талантың?
Барчылыкты билет кимдер китеп деп,
Сен өзүңө чебердикти ашырдың.
А элиң онтоп, саз алдында эзилет,
Калдың анан билбей алын жакырдың.
Күйүп жатты Мекениң,
Ушунчалык ап-ачуу,
Коркунучтуу тынчтыкта,
Бирок жалын
Күйгөн жок да.
Сенде жазган саптар жок да, ыр жок да.
Жүрөктөрдө эркиндиктин жарыгы
Сырдуу жарк деп, кылсаң дагы аракет,
Унчукпадың балекет.
Анан акын катары,

Ушулардын алдында сен дароо, жо…
Кантип колуң барды өзүңдү саноого!
Шамалдар да учуп жетпей калышчу,
Бирок, гүлдөп турган чакта келип эс,
акылыңа келдиң сен:
ишенимсиз акын,
ынандыруу жок жерде-акын эмес.
Мейли, ырым – укмуш эмес болсо да,
Түшүнмөксүң сен андан, Чаглар,
Кандай гана коркунучтуу сүйүнүч –
Ишенимден ийкемдикти алуу бар!
Жакын эле сенин көзүң жетери.
А, мен Чаглар,
Эмне демек,
Мурда сыймык эмне эле,
Уйкаштыктар кийин керек,
Эң биринчи ишеним,
Андан кийин муун улап сөз келет.

## *Жетишет!*

“Биздикинен байыркы,
Мүмкүн эмес сүйбөөгө,
Биздикинен ажайып,
Жер жок дүйнөдө!
Бар бизде Көр-уулу,
Анан да бар улуу Физули”
Кудайды карасакчы, муну канча айтабыз!
Айтабыз көп, Аллага да ант берем!
Жаркыратуу үчүн да,
Башкаларды жарык нур менен,
Санасак да,
Өзүбүздүкү деп биз аны!
Ооба, Физули –
Ким экенин кимдер жатат талашып?-
Даанышман,
Бирок, баканооздук мактанычтан адашып,
Биз унуттук көлөкөсү жок экенин, ал мында
тигинин ким, уктап калган,
Көзү өткөндүн көлөкөсү алдында…
Ойлонууга келди кез,
Биз өзүбүз туйдурабыз эмнени,
Жетишет, улуулардын атын ыксыз бузбагыла..
Уят иш, улуу эмес чымчыктарды,
Салыштырып бүткүттөрдүн учканына.
Бабекти күмүш менен мактануу,
Келбеди колубуздан.

Сыймыктанып улуулугун чын мактап,
Өзүбүздүкүндөй,
Сактап,
Идеалдуу баатырларга бараандуу-
Койгон биздин эстелик
Бийиктетип аларды!
Биз ал даанышмандардын
Бут жагында жүрөбүз.
Бийик сүйлөгөндү дагы билебиз.
Баатырларды мактоо парз.
А өзүбүз кайсы жерде баатырбыз,
Ошолордой болуп жашап көрдүкпү?!
Арабызда мейли калсын сакталып,
Жакшылардан ат калып.
Мейли ар бирибизде,
Мурукулар жашап калсын даңкталып.
Бирок, алар менен дайым мезгилдер,
Алар сымал адыга ким умтулат.
Анан бирок, боору таштар.
Артта калып тим турат.

Бактияр Вагабзаде

## *Менин тостум*

Той күчөдү-
Конок менен достор чогуу келишти.
Бардыгынын бар ичүүгө себеби,
Жөн эле эмес-"Ден соолуктуу бол эми!",
Тост көтөрүп сөз аяшпайт,
 Бир-биринин эске түшүп кереги.
Майрамдашат той бүткөнчө,
Анткен менен эрежесин билишет,
Баш тумандап калса да виного мас,
Бокалдарды бардыгынан биринчи,
                    көтөрүүнү сүйүшөт.
Алар үчүн маанилүү,
Дасторкондо олтургандын бардыгы.
Болбойт унтуп таштоого,
Кошаматчы сөздөр даяр мактоого:
"Сиздин гана жүрөгүнүз менен биз,
Жүрөгүбүз биргебиз.
Бакубаттуу болсун сиздин ден соолук,
Жакшы  адам атаңыз,
Сиздей адам жараткан!
Сиз ылайым жүзгө чейин жашаңыз!
Үйүнүз үчүн сиздин,
Балдарыңыз үчүн сиздин,
Сиздин урук-тукумуңуз бүт таанымал,
Ошон үчүн алалы, тосту алгыла, кана ал!.."
Ашыкча сөз, калптын даамын татытат,

Тура калып калп ордунан,
утуп бара жатышат.
“Адактуу орундарга” көпүрө салып,
Жасалма сөз жата калып,
Керектүүсүн сүйлөшүп,
Саткынчылык сөздөр гана бийлешип,
Суроо таштaшат.
Сатуу жана сатып алуу күчөйт да,
Соода башташат.
– Ичпейм, түшүн.
Жок.
Кимдин болсун ден соолугу үчүн…
Бирок, азыр ичип жатам,
Кылымга чейин ичем
Биздики үчүн
Эң эле чоң
Эң бир кымбат…
– Укмуштай тост…
– Укмуштай адам,-
Укмуштай сөз,
Бирок, ишинен далилденген жок эч.
Эмне экен, белгилүү болсо баарына!-
Вино да куюлган жоктур жөн эле,
Тост каерден башталса,
Алдырып бардык адамды.
Алар бирине-бири болуп көз каранды.
Досунун уяты эмес,
Анын керек жардамынын бири.

Данкы эмес,
А анын керек чини.
Бул жерде бааны билишпейт…
Адамдык таза сөздөр кана,
“Тосттор” эмес,-
Ошон үчүн чакыргандай.
Чын эле бул өзү кандай?
Биз эми күлүп ырдай албайбызды,
Бири-бирибизди бийлеп жандай.

Той деген той, мейличи,
Бузулбасын каныбыз,
Бергендеринин жүгү менен,
Оордобой жаныбыз.
“Биздин ден соолук үчүн ичүүгө”
Рахмат айталы баарыбыз.
Биз ден соолуктабыз аларсыз деле,
Бирок тост керек болсо,
Мына бул сөз даяр силдерге.
Ар бир күнгө жана саатка:
-Күн үчүн,
Бизге жарыгын берген түбөлүк.
Анын эч нерсени бизден,
Доолабастыгын билелик.

Бактияр Вагабзаде

## *Тыным*

Айткан.
Мен уккам.
Бирок баалуу сөздөрдөн да.
Тыным эле – бүт дүйнөнүн дем алышы.
Алар түпсүз жоготуулар, жарылуу да..
Токто!...
Унчукпоодо дагы терең маани бар!
Аны менен болот көп сыр айтууга!
Кокустан мен көрүп калдым:
Сөз буйткада калганын.
Бирок сыйкырдуу чырак,
Унчукпоону жарык кылат,
Унчукпоо  да – улуу тил!
Тынымдар бул биздин балким,
Көп китептер жазылган,
Эң маанилүү сөздүктүр.

Бактияр Вагабзаде

* * *

– Капа кылды сени эмне?,
– Эч нерсе эмес! – дегенге…
Капа  болуп турганда ачык баспайм.
Жашырам жамандыкты, кайгыны айтпайм
Эч ким аны көрбөсүн! Ээн жерге безeмин.
Өчүр шамды алдагы! Аны жакын сеземин,
Сүйүнүчүм угулсун бардыгына, сага, ага,
А кайгым мага калсын жалгыз гана.

* * *

Жээгинде ушул Аракстын –
Мекеним кандашым менин.
Ал эми мандайкы жээк –
Азербайжандын жери.
Эмне деген Ата Мекен бул?!
Четинде жашоонун турамын мен,
Бүтүндүгүн көрө элекмин,
Мекенимдин, туулган жеримдин.
Агайындар араң катышат,
Суу менен бөлүнүп калган алар,
Сүзүп келип, анан кучакташышат.
Же кыйкырат: “Саламатсыңбы кымбаттуум!”
Керекпи тоодой капалыкты жаратыш,
Мен сенин толкунуң болдум Аракс…
Ушундай кусалык менен Физули,
Карап жатты канча кеч, таң Мекенин,
Карап жатты башка жактан Мекенин…
А мен – жалгыз туулган ушул жеримдей,
Карап жатам талааларды, тоолорду,
Жерди бир боор тууганымдай, кемилбей.

## *Жер жана карта*

Бардык жакта бир гана жер, ал – ошол,
Бирок, чыны боёп койдук биз ылдам.
Ала-була болду карта дүйнөлүк,
Чек аралар укмуштуудай токулган.

Жерди ар ким ар кандайча кессе да,
Ар бир кадам, ар бир болгон хан деле.
Кичирейип, же чоңойгон жок андан,
Мурун кандай болсо ошондой дагы эле.

Бактияр Вагабзаде

## ***Контрасттар***

Гүлдөр качан миң түркүн болушпасын,
Көзүбүздөн өбүшпөйт бизди тандап.
Баары жакшы көрүшсө бир нерсени,
Жетип бизден, дүйнөгө бирөө бармак.

Адамдар бар – токойдун четин сүйгөн,
Жалбыракты ыргытат дирилдетип.
Бирөөнү замбирек атып тешалбайсың,
"Эмне экен!" деп коюшат күрүлдөшүп.

Булутту араң байкайт кээ бир киши,
Заматта ачууланган болуп келет.
Да бирөө көрөт чөлдүн көл болгонун,
Бирок, көп эски сөзүн айта берет.

Адамдар бар – ой басып келсең капа,
Сүйлөшкөн соң ийнинден тоо түшкөндөй.
А башкасы "мындан да эртең жаман",
деп чөктүрөт сөзүн да соо бүткөрбөй.

Сыйынса да Кудайга калп айткан бар,
Көздөрү өтөт желкенден, теше тиктеп.
А бирөө бар, туура эмес сүйлөп алсаң,
Кызырат  ал сен үчүн өзүн бүктөп.

Өз колунан корккон бар кыймылдатпай,
Кечке ойлонот:"Мени анан эмне дешет?"

Жүрсө болду жаны тынч,  уйку бузбай,
Жыл да ага эч ойсуз, бопбош өтөт.

Катылгандын катыгын бергендер бар,
Сүзүп өтөт дайраны өч алууга.
А башка бар, бетине түкүрсөң да,
Кызмат үчүн чыдашат бүт баарына.

Бүт дүйнөнү жүрөккө батырган бар,
Аларды да азгырат бийиктиктер.
Бийиктиги тамагы да бирөөнүн,
Бир билгени алардын курсак түптөөр.

Бүт кийимдер чак эмес бардыгы эле,
Курттар дагы ар кандай жем эңсебейт.
Мизин таппай балта сап калса кээде,
Булбул да издеп бир учур роза көксөйт.

Кышкы суукта кар кечип адам тонот,
Бирок эгин кышында жылуу жерде.
Жашайын деп жибек курт пилла токуп,
Кайра өзүнө айланат ал бир көргө.

Чындык болуп көрүнөт калп бизге да,
Кедей менен бай окшош кээде келмек.
Байлык, кенчке жашынып жылан жатса,
Таштандыдан табылат кээде бермет.

Кол саат... деген карасаң, кимде гана жок!
Билерикти тагынсак көңүл толуп.
Узактыгын жебенин көрсөк канча,
Ак жарыкты аз көрүп ошончолук.

Ичүү болбойт эмеспи көрүнгөн суу,
Асыл таш же кийимдин көп чебери.
Бирок, андан жогору баалай келсек,
Тамган бакыт мандайдан эмгек тери.

Дары ичкенде оору да басылгансыйт,
Билсек зыян, дарыдан жоктур пайда.
Өз балында аарылар өзү чөгөт,
Жамандыкты жакшылык женет кайра.

Кээде жарык жаратат караңгыны,
Ай тутулуп акылдан табат айла.
Жер адамды бакса да өмүр чектүү,
Жер өзү жейт убакыт келсе кайра.

*Которогон Бактыгул Чотурова*
*Кыргыз эл акыны*

## НАБИ ХАЗРИ

### *Кош чынар*

Тууган жерге дайым жаккан жаныма,
Тигип койдум кош көчөттү багыма
Жаралсын деп көккө эргип
Кош чыгар.
Ысыкка да, суукка да — баарына
Чыдап өстү асман мелжип
Кош чынар.

Баригинен обон чыгып куралып,
Шактап, гүлдөп, жоомарт күндөн нур алып.
Көркkө көрктү кошуп алды
Кош чынар.
Кол чатырдай саясына кубанып
Түркүн кушту тосуп алды
Кош чынар.

Түрдүү жолдо, нечен түркүн күндөрдө,
Сапар тарткан кечтерде да, түндөрдө
Бир да чыкпай дилде болду
Кош чынар.
Мен алыста чоочун жерде жүргөндө
Өзүм менен бирге болду
Кош чынар.

Наби Хазри

Мен көз жумсам денден кетип кубатым,
Үстүмө ийип жашыл шагын-кулачын
Шуудурасын бир да тынбай Кош чынар.
Жер үстүндө өмүрүмдү уласын
Уккулуктуу кош сап ырдай —
Кош чынар.

Наби Хазри

## *Тоо*

Алыс жактан көз жиберген кишиге,
Тоо көрүнөт жапыс дагы, кичине.
Тоодо жүргөн адамдарга көбүрөөк,
Көңүл бөлсөң чекиттердей көрүнөт.
Ошол тоонун бийиктигин сезбейбиз,
Алыс жактан анча ыраазы болбойбуз.
Колду сунсак,
Жетебиз деп ойлойбуз.
Колду сунуп,
Бирок, жете койбойбуз.

Тоону бийик
Деген ойго көнбөйбүз,
Алыс тоого
Анык көңүл бөлбөйбүз.
Анын муздак мөңгүлөрүн, карларын,
Анын түпсүз тунгуюктуу жарларын,
Бадалдарын,
Жыландарын, башкасын
Жоктугунан арганын
Биз алыстан көрбөйбүз.

Алыс жактан көз жиберген кишиге
Тоо көрүнөт жапыс дагы, кичине.
Тоону жапыс
Деген адам алданат.

Наби Хазри

Тоону көргөн жакындан
Улуулугун, сулуулугун,
Ыйыктыгын, бийиктигин
Чындап сезип, танданат.

## ЖАБИР НОВРУЗ

### *Бактылуу жыл*

Өткөн жайда
Мен көп күнү чардадым
Таалай ташкан жээгинде Куранын.
Чер жазылып,
Ичте калбай арманым,
Өмүрүмдө мен бир эркин куунадым.
Ынактыгым,
Ашыктыгым билинип,
Жүрдүм көпкө мен Куранын өзүндө.
Алдым аны Денге, жанга сиңирип,
Анын нуру дале турат көзүмдө.
Эстей берем Ошол укмуш күндөрдү,
Эстей берем
Бакты ыргалткан шамалды.
Шамалы бар берекелүү, күрдөөлдүү
Мен меймандос жерди унутуп каламбы.
Сыйдын кенчин ушул жерден тапканмын,
Укмуш чайдын
Даамын мындан татканмын.
Дүйнөдөгү
Барып турган таптаза
Ак шейшептүү төшөктө уктап жатканмын.
Нурлуу үйлөргө
Улам кирип турганмын,

Нурдуу жүздүү адамдардан нурдандым.
Кеч киргенде Кура дайра боюнда
Өмүр, тынчтык жөнүндө
Алар менен кызык маек кургanмын.
Шамал бакты
Ыргап Кура жээгинде
Таалай тапты тагдырым да, турагым.
Карапайым
Адамдардын жеринде
Мен чындыкты ырга салып турамын.
Кең талааны,
Мен тик жолду мактаймын
Шыгымды арнап,
Бардыгынча күчүмүн.
Мээрим чачкан Мекенимди даңктаймын
Эң бир кымбат тагдырымдын үзүрүн.

## *Жүрөк*

Жер жүзүндө болуп өтсө кандай иш,
Анын баары жүрөгүмө кабылат.
Гүл ачылса,
Адам күлсө,
Же снаряд жарылса,
Үй ураса,
Адам өлүп суласа —
Анын баары жүрөгүмө чагылат…

Бүт дүйнөнү сезип турат жүрөгүм,
Тамыры анын бүт дүйнөгө таралды.
Батырып ага жүрөмүн
Миң-миллион адамды.
Андан угам нечен аянт дабышын,
Шилтелген нечен кадамды.
Сезет менин жүрөгүм
Адамдарды жолуккан
Бирин-бири сагынып,
Бир-бирине кол созуп
Умтулушкан жалынып…

Жүрөгүмө сыйдыргам
Кең мухиттин бардыгын.
Күр-шар эткен толкунга
Кичинекей жүрөгүм
Билдирбеди тардыгын.
Ал сезет мухит түбүндө
Терең жаткан зыяндуу

Жабир Новруз

Куралдардын калдыгын...
Жүрөгүм телеэкрандай
Көп окуя, ар кыл өлкө көрүнгөн.
Жылмаюунун, кызыл гүлдүн
Жылуу нуру төгүлгөн.
Канаттуу ракетанын
Көлөкөсү түнөрүп
Кубанычты кууп чыккан көңүлдөн.

Жүрөгүмдүн өзү бирок сезбестир
Жер жүзүнүн кубанычы, кайгысы
Ага сыйып тургандыгын жай-кышы.
Ал сезбестир кылымдын бүт түйшүгү
Бар экенин өзүндө
Турган менен ал согуп
Бир адамдын төшүндө.

Жабир Новруз

## *Ашыккыла, адамдар...*
## *Шашпагыла, адамдар...*

Ашыккыла шаттык жакын экенде,
Шашпагыла жетемин деп кайгыга.
Жашыбастан, жаш төкпөстөн бекерге
Бул өмүрдө жайнап күлүп алгыла!

Унуткула (бак-таалайга ынанып)
Кайгы-капа бар экенин өмүрдө.
Кырсык, шорду эсиңерден чыгарып,
Анын баарын албагыла көңүлгө.

Бул дүйнөнү үмүт менен туптунук,
Терезеден карагыла таңданып.
Эсте болсун Күн жолунда умтулуп,
Сөөлөттүү Жер баратканы айланып.

Ашыккыла тизгиндөөгө мезгилди
Улан жүзүн сактоо үчүн ырайлуу.
Чырайсыздык кемсинтпестен эч кимди,
Чырайсыздар болуп турсун чырайлуу.

Ашыккыла, жакшы жашап көнгүлө,
Башкаларга алга жолду баштаңар.
Жардам үчүн колду бачым бергиле,
Кайра колду тартамын деп шашпаңар.

Жабир Новруз

Кол беришип жашыңар да, карыңар,
Бир-бириңе тийип турсун жардамың.
Жакшылыкка ашыккыла баарыңар,
Жамандыкка шашпагыла ар дайым.

Ашыккыла пайдалуу иш жасоого,
Бул өмүрдүн ыракатын көрүүгө!
Ашыккыла, ашыккыла жашоого!
Шашпагыла, бирок, силер өлүүгө…

Жабир Новруз

## *Адам.. адам...*

Сөздөрүмдүн эң башы,
Сөздөрүмдүн аягы,
Ырларымдын толкуну —
Заманымдын адамы.
Ар кыл кооз гүлдөргө
Адам тилин үйрөтөм.
Шамал менен бороонду
Адам кылып сүйлөтөм...
Ал — перзенти үйүмдүн,
Ал — атасы ырымдын,
Ал — кубаты үнүмдүн.
Анын албан кайратын
Ырга салып ардактайм.
Бир берметтей көз жашын
Бүт деңизге алмашпайм.

Анын шыңгыр күлкүсүн
Алмашпайм асман айына.
Теңебейм алтын, алмазды
Буттагы анын чаңына.
Анын жаны, эркинин,
Сезиминин жакыны,
Анын акыл-оюнун
Анык менмин акыны.
Бала чактан ишенген
Адам — менин кудайым.

Жабир Новруз

Адам — жандын дабасы,
Адам — менин куралым.
Мен эмнени карасам
Баары адамга айланат:
Кара таш да кубулуп
Адам болуп жанданат.
Аппак карга көз салсам
Адам болуп шанданат.
Сөздөрүмдүн эң башы,
Сөздөрүмдүн аягы,
Ырларымдын толкуну
Заманымдын адамы.

## САБИР РУСТАМХАНЛЫ

### *Айылдыкмын*

Айылдыкмын. Мунум жакпайт өзүнө.
Булак сага кан тамырга окшобой,
Дөңдөгү үй сезиминди козгобой,
Хан сарайдай көрүнбөйт да көзүнө.

Көргүн келбейт бопбоз жапан талааны.
Тамырынан гүлдү айрып алганда,
Же дарактын шагын кайрып салганда,
Кандай болмок? Бул иш сага жагабы?

Кош бол! Уккун: айыл кымбат жанымдан,
Аалам чексиз турган менен көрүнүп.
Шак дарактан кайда кетмек бөлүнүп,
Гүл кай жакка ажырамак тамырдан?

Атак-данкка жеткен ата-бабалар,
Айылды сен келбегенин жактыргын
Кечир мени чын сырымды айттырдын
Дилиң майып болгон менен барабар.

## *Сергектик,туруктуулук жөнүндө*

Тоонун эси бизден сергек, туруктуу,
Тоомду энсеп үнүм чыкса көкөлөп.
Алыс жактан асыл тоом булуттуу,
Үнүмдү угуп башын өйдө көтөрөт.

Дайра дагы бизден сергек, туруктуу,
Үстүн желпип тааныш шамал учат бат.
Куланып да, кубанып да тунук суу,
Мурдагыдай бизди тосот кучактап.

Талаа бизден сергек дагы, туруктуу,
Баш ийкешип гүлдөр сезим козгошот.
Торгой сайрап мактап жазгы жумушту,
Ал биз менен таңшып сайрап коштошот.

Дарак бизден сергек дагы, туруктуу,
Ал бешикке сая болуп шуудурап.
Не бир сонун назик күүнү угузду,
Дагы нечен назик сезим туудурат.

Сабир Рустамханлы

## *Ярдымлынын жолунда*

Шамалы боздоп тыйылбайт,
Дөңгөлөк улам чыйылдайт.
Чочулап көөнүң зырылдайт,
Ярдымлынын жолунда.

Тык токтой калса машина,
Жымжырттык келет кашыңа,
Көңүлүң түшөт ашууга
Ярдымлынын жолунда.

Өрөөнду гүлдөр жапканын,
Мен көрөм учун асканын,
Бүркүттөр канат какканын
Ярдымлынын жолунда.

Жылдызга эргип шашкым бар,
Же дайра болуп аккым бар,
Махабат даамын таткым бар
Ярдымлынын жолунда.

Даракттай өсүп сан жылдар,
Мен аска болуп алгым бар,
Мөл булак болуп калгым бар
Ярдымлынын жолунда.

## МАМЕД ИСМАЙЫЛЛЫ

### *Бийиктик*

Эске түштү алыс калган балалык,
Оюн менен тилек кетпес көңүлдөн.
Жалгыз дарак желге турган таранып
Анда бизге тоодон бийик көрүнгөн.

Шуулдаган ал дарактын учунда
Шумкар уя бардай таасир этчү эле.
Дарак учун бир караган учурда
Башыбыздан телпек түшүп кетчү эле.

Биз жаш чакта,
Көңүлүбүз жаз чакта
Тилегибиз бийик болчу кулпунуп.
Жетүү үчүн ошол бийик максатка
Биз көп жылды басып өттүк умтулуп.

Биз жетилдик,
Иш өндөнүп түштөгү
Баары өзгөрүп, артта калды бала чак.
Телпегибиз башыбыздан түшпөдү
Биз дарактын учун эми карасак.

Мамед Исмайыллы

Шумкар уя кайда?
Ал жок — карадым.
Күлкүм келди эми алыстап жаш чактан.
Баягыда тоодон бийик дарагым
Жапыс тура биз көксөгөн максаттан…

## *Мекен*

Өзү тийген жоого бүлүк салабыз,
Четке сүрүп дили бузук неченди.
Өзүбүзгө биз дос тандай алабыз,
Бирок, эч бир алмашпайбыз Мекенди.

Аскаларды дайра жешип жегендей,
Шамал үйлөп тоо да бүтөт түгөнүп.
Мекен гана дайым турат кебелбей,
Мекен гана кала берет түбөлүк.

Мекен сенин көңүлүңдө, көзүңдө,
Аны менен тагдырың бир ар дайым.
Мекен сенин жүрөгүңдө, өзүңдө,
Бирге жүрөт сен кай жакка барбагын.

Чынар дарак мейли кайсы кезде да
Өсөт, өсөт, өйдө карай ашыгат.
Сөңгөгүнүн учу көккө жетсе да,
Тамырынан кетпейт бирок ажырап.

Мекен — деңиз өлчөй албас тереңин,
Мен тамчыдай кошулганмын деңизге.
Керек болсо өмүрүмдү беремин
Мекен гана жетсе болду жеңишке.

Кымбат, сулуу нерсе болбойт Мекенден,
Аны урматтоо сезимибиз бек болуп,

Биз биримдүү, биз ынтымак экенден,
Мекен турат бузулбаган чеп болуп.

Асман түбү турсун кантип көгөрбөй,
Туу желбиреп, жадырайт да, күн өлбөйт!
Океанды сузса түгөнбөгөндөй,
Тууган жерге суктануу эч түгөнбөйт!

Бул турмушта баары кемийт, өзгөрөт,
Жамгыр ташты эзгенин да көз көрөт.
Бирок, такыр бүлүнбөсүн Мекен деп,
Биз турабыз дайым аны бекемдеп!

Мамед Исмайыллы

## *Анар*

Анар — укмуш,
Анар — жемиш
Ичине нур топтогон.
Анар — жемиш
Жер шарына окшогон.
Карап көрсөң арасын,
Жерди дагы,
Күндү дагы табасың...
Жемиштери анардын
Саптарындай ырлардын
Жаралышкан кыялдан,
Адамга окшойт ыкташып
Бир-бирине кыналган.
Өлкөлөрдөй,элдердей
Коңшу туруп,

Биримдиги чыңалган.
Анар — жемиш
Жемиштердин сулуусу,
Анар — адам,
Адамдардын уруусу.
Карап көрсөң
Жакындыгы билинип,
Канча адамдар олтурат
Туугандашып биригип.
Менин өлкөм көп элди
Бириктирип топтогон
Укмуш нурлуу өлкөсүң
Сен анарга окшогон.

МАЗМУНУ

*ГАСАН ШИРИНОВ*
Гейдар Алиев – өчпөгөн жылдыз ..........................7

*МИРЗА ФАТАЛИ АХУНДОВ*
Пушкиндин өлүмүнө..........................................11

*САМЕД ВУРГУН*
Мен ашыкпайм.................................................15
Акын, сен эң эрте картайдың..............................17

*БАКТИЯР ВАГАБЗАДЕ*
Тоонун суусу...................................................20
Биз бир кемедебиз...........................................22
Жашоо – жалын...............................................23
Жеке жоопкерчилик темасына монолог.............25
Учуу...............................................................28
Наристенин күлкүсү.........................................32
Тоо шаркыратмасы – менин бир тууганым.............33
Карусель.........................................................40
Күйүк жарасы..................................................42
Уйкаштык.......................................................43
Жаңы жылдагы ойлонуу.....................................44
Күн батканда...................................................46
Шеки..............................................................48
Окула турган каттар.........................................50
Менин студенттерим.........................................52
Эки жолоочу....................................................55
Баатырлардын мүрзөсү.....................................58

Карабахтык ат........................................62
Тоо суусу..............................................67
Жооп...................................................69
Жетишет!...............................................71
Менин тостум...........................................73
Тыным..................................................76
Жер жана карта.........................................79
Контрасттар............................................80

*НАБИ ХАЗРИ*
Кош чынар..............................................83
Тоо....................................................85

*ЖАБИР НОВРУЗ*
Бактылуу жыл...........................................87
Жүрөк..................................................89
Ашыккыла, адамдар
Шашпагыла, адамдар.....................................91
Адам.. адам............................................93

*САБИР РУСТАМХАНЛЫ*
Айылдыкмын.............................................95
Сергектик,туруктуулук жөнүндө..........................96
Ярдымлынын жолунда.....................................97

*МАМЕД ИСМАЙЫЛЛЫ*
Бийиктик...............................................98
Мекен.................................................100

**Көркөм-адабий басылма**

*Которгондор*
Сооронбай Жусуев,
Бактыгул Чотурова

АЗЕРБАЙЖАН ЫРЛАРЫ

*Ырлар*

Редактору Кадыров Ж. С.
Тех. редактору Кадыров М. А.
Компьютердик калыпка салган Кадыров М. А.
Обложканы тарткан Кадыров М. С.

Форматы 84 х 108 $^{1}/_{32}$. Көлөмү 6.5
Терүүгө 10-февралда берилди. Басууга 15-мартта өткөрүлдү.
Офсеттик кагаз. Нускасы 1000 даана.
Заказ № 104.

«Бийиктик» басмаканасы,
720000, Бишкек ш., Абдрахманов, 170,
тел.: 66-17-25, 62-02-11.